2. Колледждин студенттеринин илимий-изилдөө компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттары: предметтик-циклдик комиссиялардын ишин дидактикалык жана методикалык деңгээлде интеграциялоо; инсанга багытталган өз ара аракеттенүү принциптеринде мугалим менен окуучунун чыгармачылык кызматташтыгын уюштуруу; окутуунун проблемалык, оюндук, долбоордук, дискуссиялык жана башка активдүү формаларын жана ыкмаларын колдонуу; студенттик илимий коомдун ишин камсыз кылуу; педагогикалык диагностиканы ишке ашыруу жана илимий-изилдөө компетенциясынын калыптануу деңгээлин оңдолушу белгиленген.

**Адабияттар тизмеси:**


1. **Алимбеков, А.** Кыргыз элинин билим берүү салттары [Текст] / А. Алимбекова.- Бишкек, 2001.- 57 б.
2. **Айдарова, М.** Педагогикалык маданият [Текст] / М.Айдарова. – Бишкек, 2012.
3. **Алексеев, Н.Г.** Концепция развития исследовательской деятельности учащихся [Текст] / Н.Г. Алексеев // Исследовательская работа школьников. – 2017. – №1. – С. 24-33.
4. **Абакумова Н.Н.** Диагностика и мониторинг инновационных изменений в образовании [Текст]: учеб. пособие / Н.Н.Абакумова // Томский государственный университет.- Томск: ГУ, 2011.- 202 с.
5. **Алдашев, А.А.** Биология терминдеринин жана айбанат аттарынын орусча-кыргызча сөздүгү [Текст] / А.А.Алдашев.- Бишкек: Фонд Сорос, 1998.- 296 б.
6. **Асаналиев, К.А.** Движение во времени: Портреты, полемика, заметки, критические миниатюры. – [Текст] / К.А.Асаналиев.- Фрунзе: Кыргызстан, 1978. – 276 с.
7. **Асанбекова, Ж.Ж.** Формирование нравственно-эстетических качеств старшеклассников в воспитательном пространстве семьи и школы [Текст]: автореф. дис. …канд. пед. наук: 13.00.01 / Ж.Ж.Асанбекова.- Бишкек, 2015.
8. **Азимов, Э.Г.** Словарь методических терминов (теория и практика преподавания языков) [Текст] / Э.Г. Азимов, А.Н. Щукин. – СПб: Златоуст, 1999. – 472 с.
9. **Акимова, Т.А.** Сущность критического мышления: от Сократа до настоящего времени [Текст] / Т. А. Акимова // Kazakhstan science journal.– 2019. – Т. 2, № 5. – С. 31-45.
10. **Арсентьев, К.С.** Методологический анализ современных подходов к развитию критического мышления [Текст] / К.С. Арсентьев, О.Г. Смольянинова // Вестник Чувашского гос.пед. универ. им. И. Я. Яковлева. – 2019. – № 4. – С. 123-130.
11. **Барышников, Е.Н.** Становление воспитательной системы образовательного учреждения [Текст]: учеб.-метод. пособие / Е.Н. Барышников. – СПб.: СПб AI ILIO, 2005.- 242 с.
12. **Борытко, Н.М.** Пространство воспитания: образ бытия: монография [Текст]/ науч. ред. Н.К. Сергеев. – Волгоград: Перемена, 2000. - 225 с.
13. **Бузурманкулова, Ж.А.** [Текст]: автореф. дис. …канд. пед. наук: 13.00.01 - Общая педагогика, история педагогики и образования / Ж.А.Бузурманкулова.- Бишкек.- 2011.


DOI: https://doi.org/10.54834/.vi2.422

Поступила в редакцию: 29.02.2024 г.

**УДК: 378:159.9(060.55)**

***Мамадиева Г.Б.***
*ст. преп. Ошского государственного университета, Кыргызская Республика*
***Заирова А.Р.***
*преп. Кыргызско-Узбекского Межд. универ. им. Б.Сыдыкова, Кыргызская Республика*

# МАКАЛ-ЛАКАПТАР, АЛАРДЫН ОКУУЧУНУН АДАМДЫК САПАТЫН КАЛЫПТАНДЫРУУ ЖАНА ОЙ ЖҮГҮРТҮҮСҮН ӨСТҮРҮҮДӨГҮ РОЛУ

*Изилдөөнүн предмети катары макал-лакаптар, алардын окуучунун адамдык сапатын калыптандыруу жана ой жүгүртүүсүн өстүрүүдөгү ролу. Жумушта кыскалыгы, тактыгы, таамай айтылгандыгы, образдуулугу, элестүүлүгү, таасирдүүлүгү, тарбиялуулугу менен айырмаланып,*

*өзгөчөлөнүп турган элдик оозеки чыгармачылыктын бир түрү макал-лакаптардын, окуучуну адептүүлүккө тарбиялоодогу, адамдык сапатын калыптандыруудагы, ой жүгүртүүсүн өстүрүүдөгү, сүйлөө маданиятын жогорулатуудагы ролун ачып көрсөтүү изилдөөнүн максаты болуп саналат. Изилдөөнүн салыштыруу, ой жүгүртүү жана классикалык ыкмалары колдонулду. Билим берүү процессинде улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктарга, айрыкча, элдик педагогикага багыт алуу, ага кайрылуу өзгөчө мааниге ээ болуп, ага басым жасалып турган учурда макал-лакаптар аркылуу сабак өтүү практикалык жактан актуалдуу экендиги белгиленип кетти. Автордун тажрыйбасынан өткөн бир нече ыкмалар, мисалдар мектеп окуучуларына жана студенттерге кыргыз тили жана адабияты, адеп сабактарын өтүүдө колдонууга сунушталат.*

***Негизги сөздөр:*** *элдик педагогика; макал-лакап; тарбия; адамдык сапат; ой жүгүртүү; билим; инсан; сүйлөө маданияты.*

## ПОСЛОВИЦЫ, ИХ РОЛЬ В ФОРМИРОВАНИИ НРАВСТВЕННЫХ КАЧЕСТВ И РАЗВИТИИ МЫШЛЕНИЯ УЧАЩИХСЯ

*Предметом исследования в данной работе являются пословицы, их роль в формировании нравственных качеств и развитии мышления учащихся. Цель исследования - раскрыть роль пословиц - вида народного устного творчества, отличающегося краткостью, точностью, образностью, воображением, влиянием, воспитательностью, в воспитании учащихся нравственности, в формировании человеческих качеств, в развитии их мышления и в повышении культуры речи. В работе использованы сравнительный, мыслительный и классические методы исследования. Актуальностью исследования является – обучение через пословиц в процессе воспитания особое значение имеет ориентация на национальные и общечеловеческие ценности, особенно народная педагогика. Несколько методов и примеров из опыта автора рекомендуются для использования на уроках кыргызского языка и литературы, этики школьникам и студентам.*

***Ключевые слова:*** *народная педагогика; пословицы и поговорки; воспитание; человеческое качество; мышление; знание; личность; культура речи.*

## PROVERBS, THEIR ROLE IN THE FORMATION OF MORAL QUALITIES AND THE DEVELOPMENT OF STUDENTS' THINKING

*The subject of the research is proverbs in the Kyrgyz language. The purpose of the article is to reveal the role of proverbs - a type of folk oral creativity, characterized by brevity, accuracy, accuracy, imagery, imagination, influence, education, in the education of students in morality, in the formation of human qualities, in the development of their thinking and in improving the culture of speech. The article uses comparative, mental and classical research methods. The relevance of the study is that learning through proverbs in the educational process is of particular importance when focusing on national and universal values, especially folk pedagogy. Schoolchildren and students recommend several methods and examples from the author's experience for use in lessons of the Kyrgyz language and literature, ethics.*

***Key words****: folk pedagogy; proverbs; education; human qualities; thinking skills; knowledge; personality; culture of speech.*

### Киришүү

Мамлекеттик тилибиз – кыргыз тили эң байыркы тил катары байыртадан колдонулуп келгенине карабастан, жазма тил катары совет доорунан баштап калыптана баштаган. Ага чейин эле кыргыз тили калктын тилге болгон муктаждыктарын канааттандырып келген жана бул тил аркылуу элдик педагогиканын кенч-казыналары - “Манас” баштаган улуу эпостор, дастандар, элдик ырлар, макал-ылакаптар, жомоктор, уламыштар, табышмактар жаралган.

Элдик оозеки чыгармалардын ичинен элге кеңири тарап, кыскалыгы, тактыгы, бутага аткандай таамай айтылгандыгы, образдуулугу, элестүүлүгү, таасирдүүлүгү, тарбиялуулугу менен айырмаланып, өзгөчөлөнүп турганы – бул макал-ылакаптар, накыл кептер. Булар - “Сүйлөө маданиятына үйрөтүүнүн окуу куралы” (Т.С.Маразыков).

«Макал – адамдардын көп жылдардан бери келе жаткан философиялык ой корутундуларын жыйынтыктап, алардын турмуш тажрыйбаларынын негизинен алынган, рифмалашкан жана ритмдешкен бир же бир нече сүйлөмдө ойду бүтүрө айткан, тарбиялоо максатында колдонулган фольклордук чыгармалар. Адам оюнун, акыл-эсинин энциклопедиясы болгон макалдар дээрлик дүйнөнүн бардык элине таандык болуп саналат, атүгүл айрым макалдардын мааниси окшош келет» [1].

Орус окумуштууларынын пикирлерине токтоло турган болсок, «Пословица – устойчивое афористическое изречение, в котором образной, краткой и выразительной форме отражаются разнообразные явление общественной жизни, утверждаются важные философские и нравственные взгляды. В пословицах сконцентрированы богатый практический опыт и мудрость носителей языка, которые передаются из поколения в поколение в качестве важнейшей сокровищницы народа» [2].

В.В.Синельниковдун аныктамасына маани бере турган болсок, макалдын философиялык жана адеп-ахлактык маани-маңызы жөнүндө да түшүнүк алып, макал – ар бир улуттун жеке турмуштук тажрыйбасынан, акылмандыгынан алынган байлык, кенч экендигин байкасак болот.

“Кыргыз элине билим, тарбия берүү иштерин жазуу-сызуунун негизинде жаңыдан жүргүзө баштаганда макал-лакаптар окуу китептери болушкан же алардын негизин түзүшкөн” [3]. Демек, макал-ылакаптарда чоң билим, тарбия жатат. Ал – миңдеген жылдарды кечип келген улуттук таалим-тарбиянын алтын казынасы.

Учурда билим берүүдө улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктарга, айрыкча, элдик педагогикага багыт алуу, ага кайрылуу өзгөчө мааниге ээ. Анткени, мамлекетибиз өзүнүн эгемендүүлүгүнө ээ болгондон баштап, жаштарды мектепте окутуп тарбиялоону элибиздин байыртадан келе жаткан элдик педагогикалык идеялары менен эриш-аркак жүргүзүүгө кеңири жол ачылды. Элдик педагогиканын негизи болгон макалдар – билим берүүнүн гана эмес, элдик маданияттын да бир бөлүгүн түзөт. Ал инсандык сапатты, жүрүм-турумду ар тараптан бекемдөөнү камсыздайт.

Макалдар азыркы заманга адаптацияланган окуучулардын акылынын өсүүсүндө, адептүүлүккө тарбиялануусунда жана инсандык, атуулдук сапаттарын калыптандыруусунда негизги булак болуп берет.

Макал-лакаптардын таалим-тарбиялык касиети учурда гана эмес, алгачкы жазуу колдонула баштаган мезгилден тартып эле актуалдуу болгондугун окумуштуу Ж.М.Орозалиева өз эмгегинде баса белгилеген: “Макал-лакаптар тарбиялык зор касиетке ээ, дидактикалык мүнөздөгү кыска чыгармалар катарында алгачкы окуу китептеринде жарыяланып келген. Белгилүү агартуучулар К.Тыныстановдун окуу куралдарында жана И.Арабаев менен Х.Карасаевдин 1928-жылы жарыкка чыккан «Жаңылык» аттуу латын алфавитинде жазылган чоңдор үчүн алиппесиндеги мисалдардын дээрлик 80%ы макал жана лакаптар менен берилген. Улуу окумуштуу-түзүүчүлөр алгачкы окуу китептеринде тематикалык жактан макал-лакаптардын адептүүлүккө, туруктуулукка, эмгекчилдикке, элпектикке үндөгөн үлгүлөрүн жыш колдонушкан. Тамгалар тууралуу маалымат бере баштаган алгачкы беттерде эле элдик макал-лакаптарды учуратууга болот. Бул болсо, жаш муундарга нравалык тарбия берүүдө, эстетикалык туюмун, көркөм аң-сезимин өстүрүүдө өзгөчө зор роль ойноп, ошондой улуттук, кыска, көркөм чыгармалар аркылуу окуу процессиндеги өсүштү да тездетүүгө жетишүүгө шарт түзгөн” [3].

Буга байланыштуу окумуштуу Ж.Чыманов төмөндөгүдөй пикирин айткан: “Элибиздин эзелтеден рухий азыгы болуп, аң-сезимине, менталитетине өтө жакын болгон четтен,

негизинен батыштан келген чоочун, жат “дидактикага” караганда таасири, таалими менен өзгөчөлөнүп турган макал-лакапатар азыркы күндө эне тилин окутууда такыр колдонулбайт деп айтуу натуура. Бирок аларды колдонууну, алар боюнча аткарылуучу иш-аракеттердин методикасын иштеп чыгуунун зарылдыгы бар” [3].

Демек, чет жакадан келген “дидактикага” караганда өзүбүздүн макал-лакаптар аркылуу жаш муундарды тарбиялоочу сабактарды өтүү, буга байланыштуу эмгектерди жаратуу учурдун зарыл талабы.

**Изилдөөнүн каражаттары жана ыкмалары.** Окуучулардын адамдык сапатын калыптандыруу, адептүүлүккө тарбиялоо максатында ар бир сабакта же ар бир тарбиялык, класстык сааттарда макалдарды пайдаланууну сунуштайбыз. Бул окуучуларды адептүүлүккө, кеп ишмердүүлүгүн өстүрүүгө, бат ой жүгүртүүгө, өз оюн эркин айта билүүгө, адамдык сапаттарды баалоого, айкөл, жоомарт, мекенчил болууга, ата-энени сыйлоого, жашоодогу баалуулуктарды баалай жана сактай билүүгө, жакшы менен жаманды ажырата алууга, уга билүүгө тарбиялайт.

Заман өзгөрүп, батыштын маданиятына ооп бараткан айрым жаштар үчүн макалдарды сабакта пайдалануу зарыл экендигин дагы бир жолу баса белгилегибиз келет. Анткени, бүгүн жаш муундардын - өлкөнүн келечегинин адеп-ахлагын түптөөгө, моралдык тарбияга фундаменталдык маани бербесе болбойт. Билим берүү математикти гана эмес, математик – АДАМДЫ, дене-тарбиячы эле эмес, дене тарбиячы АДАМДЫ, билимдүүнү гана эмес, билимдүү АДАМДЫ калыптандырып чыгарууга тийиш. Демек, АДАМ жаратуу билим берүүнүн башкы мүдөөсү болууга кажет. Кыргыз эли бекеринен “*Билимдүү болуш оңой, адам болуш кыйын”, “Адептүүлүк - адамдын көркү”* деп эзелтен муундарга тарбия берип келбесе керек.

Кыска жана нуска, жугумдуу, жеткиликтүү, көркөм тил менен санатталган макал-ылакаптарыбыз арбын. Мугалим макалдарды окуучулардын жаш курагына, билимине, өтүлүүчү жаңы темаларга ж. б. талаптарга ылайык тандап алып, ыктуу колдоно алат. Бул адамдын (окуучунун) “бүтүн, төп инсан” [4] болуп калыптануусуна көмөк көрсөтөт. Бул үчүн биз “Окуу-дидактикалык тапшырмалар” окуу куралындагы бир ыкманы мисалга алып көрөбүз.

Мугалим муну жекече да, топто да, жупта да иштетсе болот. Биз жекече иштеген вариантын алалы. Бир бөлүгү алмаштырылып берилген 7 макалдан даярдалган карточкаларды мугалим окуучуларга таратып берет. Окуучулар белгиленген убакыттын ичинде таап алышы керек. Тапшырманы бергенде мугалим сабакты кызыктуу, көркөм жана образдуу кылуу максатында ыр түрүндө айтса да болот: *“Адашкан жети макалды өз ордуна коюңуз, эгерде туура тапсаңыз, бирге чыгар оюбуз”* [2].

Тапшырманын үлгүсү:

*1. Акыл деген алтын таажы, тирүүлүктө урмат.*
*2. Акыл – баштан, акыл жок жерде эс жетим.*
*3. Акыл адашса, ырыс жугушат.*
*4. Акыл-билим оошот, жин болот.*
*5. Акыл жок жерде көз жетим, өнөр көккө жеткирет.*
*6. Акыл-билим – ар бир башка жарашкан.*
*7. Акыл көпкө жеткирет, асыл – таштан.*

Жогоруда берилген макалдар аралаш берилген. Окуучу аны берилген убакыттын ичинде таап, үнүн чыгарып окуп, маанисин чечмелеп берет:

**Айжан:** Биринчи макал – *"Акыл деген алтын таажы, ар бир башка жарашкан". Акылы бар адам же, акылдуу киши башына алтын таажы тагып алган сыяктуу көрүнөт. Акыл баарына жарашат.*

**Асыл***:* Экинчи макал –*"Акыл - баштан, асыл - таштан". Адамдын акылы башында, ал бир гана акылдуу баштан чыгат. Ал эми кооз асыл таштардын түрлөрү көп эмеспи, ж.б.*

1. *Акыл – баштан, асыл – таштан.*
2. *Акыл адашса, жин болот.*
3. *Акыл-билим оошот, ырыс жугушат.*
4. *Акыл жок жерде көз жетим, акыл жок жерде эс жетим.*
5. *Акыл-билим – тирүүлүктө урмат.*
6. *Акыл көпкө жеткирет, өнөр көккө жеткирет.*

Мындай ыкманын негизинде мугалим окуучунун ой-жүгүртүүсүн, изденип таба билүүсүн өнүктүрүүгө жол ачат, макалдын маани-маңызын чечмелеп, түшүндүрүп берүү аркылуу адамдык сапатын калыптандырат, адептүүлүккө, улуттук нарк-насилди сыйлоого тарбиялайт, сүйлөтүү аркылуу сөз маданиятын арттырууга багыт берет.

Макалдарды, анда колдонулуучу ыкмаларды мугалим окуучунун жаш өзгөчөлүгүнө, жөндөмүнө карап тандап ала алат.

Экинчи мисалды алып көрөлү. Мында мугалим ичинде макалдар катылган ырларды пайдаланат. Ал ырларды балдарга көркөм окутуу менен бирге ичинде бекитилип, катылып жаткан макалдарды таптырат, маанисин чечмелетет, кебинде колдонуп сүйлөөсүнө мүмкүнчүлүк түзөт:

**Мирбек** ыр саптарын көркөм окуп берет:

*Күүлөнөт күлүк күнүндө,*
*Туйлайт дейт тулпар тушунда*
*Турмушта өчпөс из калтыр,*
*Туягың бүтүн учурда. (Байдылда)*

Андан кийин пикирин айтат: бул ыр саптардын ичинде "*Күлүк күнүндө, тулпар тушунда"* деген макал катылып жатат. Мааниси - күлүк ат өз учурунда, өзүнө буюрган күнү күлүк болот жана атагы чыгат, ээсине сыймык тартуулайт, тулпар да өз тушунда, мыкты болуп турган учурунда ээси менен биргеликте ийгиликтерге жетишет ж.б.

**Айнур:**

*Жапкын эми, жаңжалыңдын капкагын,*
*Бир койсоң кой, бирок жаман айтпагын.*
*Көйнөк кири жуусаң кетет заматта,*
*Көрсөң эгер айырмасы башка анын,*
*Көңүл кири көпкө жүрөт сакталып,*
*Көрбөйсүң да көмүскөдө жатканын. (Байдылда)*

Бул ыр саптарында "Көк көйнөктүн кири кетсе да, көңүлдүн кири кетпейт" деген макал катылып жатат. Чындыгында кийим канчалык кир болбосун, аны жууп, тазалап кетириш оңой, тазалоонун жолу бар. Ал эми, кайсы бир нерседен улам адамдын көңүлү калып калса, же бирөө көңүлүн оорутса, аны кечирүү, унутуп коюу кыйынга турат.

**Каныкей:**

*Алтынды болсо дат чалбайт,*
*Алты жыл жерде жатса да*
*Жезди болсо дат чалат,*
*Сандыкка салып катса да.* (Эл ыры)

Бул ыр саптарын биз “*Алтынды дат баспайт*” макалына дал келтирсек болот. Алтын өтө кооз, ошол эле учурда, эч качан дат баспайт же эч качан көрксүз көрүнбөйт. Ошондой эле, кээ бир адамдарды алтынга салыштырсак да болот .

**Айгүл**: *Кыз кыялдуу кылтыңдап,*
*Жакшы ат камчы салдырбайт.*
*Жакшы адамдын белгиси*
*Көңүлүңдү калтырбайт.* (Токтогул)

Ыр саптарындагы катылып жаткан “*Жакшы ат камчы салдырбайт*” макалын биздин айланабыздагы кээ бир адамдардын сапаттарына, айттырбай-дедирбей билген, тил билги адамдарга салыштырсак болот.

**Жыйынтыктар жана талкуулар**

Бул ыкма ушул таризде уланат. Жогоруда айтылгандай ырлар, пайдаланылчу материалдар окуучулардын жаш өзгөчөлүгүн, жөндөмүн, билимин эске алуу менен даярдалат. Ыр түрүндөгү материалдардын ордуна кара сөз түрүндөгү кыскача баяндар менен алмаштырса да болот. Муну менен окуучу:

- Сүйлөө кебин жакшырта алат;
- өз оюн, көз карашын, пикирин айта билүүгө үйрөнөт;
- адептүүлүккө, ыймандуулукка тарбияланат;
- кыргыз макалдары менен таанышат же эске салат;
- ой өрүшү кеңеет;
- улуттук нарк-насилдерибизди баалоого, сыйлоого үйрөнөт;
- тапкычтык, изденип, ойлоно билүү жөндөмдүүлүктөрүн арттырат.

Мындай ыкмада окуучу менен мугалимдин ортосунда пикир алышуу, баарлашуу жүрөт. Пикир алышуусуз, баарлашуусуз инсанды калыптандыруу, аны тарбиялоо, акыл-эсин өстүрүү мүмкүн эмес.

Философ Декарт мындай деген улуу ойду айткан экен: “Мен шектенип жатам, демек ойлонуп жатам, а эгер мен ойлонуп жатсам, демек жашап жатканым ошол”.

**Жыйынтык**

Мугалим билим берүү менен бирге окуучуга адамдыктын эң бир асыл сапаттарын үйрөтсө, жашоону татыктуу жашоого үгүттөсө, коом да таза, адилеттүү болоруна шек жок. Ал эми, инсанды тарбиялап, наркты сиңирген мугалимдин эмгеги жерде калбасы айкын кеп анык экендиги белгиленген.

**Адабияттар тизмеси:**


1. **Муратов, А.** Адабият-ыйман сабагы [Текст] / А. Муратов. – Бишкек: Мектеп, 2014. – 85 б.
2. Окуу-дидактикалык тапшырмалар (кыргыз тилинин практикалык курсу) [Текст]: окуу куралы. - Ош, 2022.- 148 б.
3. **Чыманов, Ж.** Кыргыз тилин окутуунун теориясы жана практикасы [Текст] / Ж.Чыманов.-Бишкек: Турар, 2009. – 488 б.
4. **Байгазиев, С.** Цивилизация жана Ата журт тагдыры (публицистика) [Текст] / С.Байгазиев. – Бишкек: Гүлчынар, 2008.
5. **Бекбоев, И.** Азыркы сабакты даярдап өткөрүүнүн технологиясы [Текст] / И.Бекбоев, А.Алимбеков // Жалпы билим берүүчү мектептердин мугалимдери жана жогорку окуу жайларынын студенттери үчүн. – Бишкек: Бийиктик, 2011.
6. **Жунусалиев, Б.** Турмуш сабактары [Текст] / Б.Жунусалиев, Ж.Бекчороева. – Бишкек, 2012.
7. **Сулейменова, Ж.Н.** Казіргі казак тілі морфологиясын жогары мектепте окыту эдістемесі [Текст] / Ж.Н. Сулейменова. – Алматы: Каз.ПИ, 2005. – 250 б.


DOI: https://doi.org/10.54834/.vi2.432

Поступила в редакцию: 01.03.2024 г.